УДК 004:316.77:37 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.606**

КООМДУН МААЛЫМАТТЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ – ТУРУКТУУ САНАРИПТИК ӨНҮГҮҮНҮН ФАКТОРУ КАТАРЫ

Кулманбетова Сагынбүбү Мусековна
физ.-мат. и.к., доц. м.а
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Маалыматтык технологиялар кафедрасы
ORCID ID:0009-0009-5844-8135
skulmanbetova74@gmail.com

ORCID ID:0000-0001-6209-4581
Осмонова Бермет Майрамбековна
ага окутуучу
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Маалыматтык технологиялар кафедрасы

РАЗВИТИЕ ИНФОРМАЦИОННОЙ КУЛЬТУРЫ ОБЩЕСТВА КАК ФАКТОР УСТОЙЧИВОГО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ

ORCID ID:0009-0009-5844-8135
Кулманбетова Сагынбүбү Мусековна
Кандидат физ.-мат.наук.,и.о.доцента
КНУ им.Ж.Баласагына
Кафедра Информационные технологии
город Нарын, Кыргызстан
skulmanbetova74@gmail.com

ORCID ID:0000-0001-6209-4581
Осмонова Бермет Майрамбековна
Старший преподаватель
КНУ им.Ж.Баласагына
Кафедра Информационные технологии

DEVELOPMENT OF INFORMATION CULTURE IN SOCIETY AS A FACTOR OF SUSTAINABLE DIGITAL DEVELOPMENT

ORCID ID:0009-0009-5844-8135
Sagynbubu Musekovna Kulmanbetova
Candidate of Physical and Mathematical Sciences,
Acting Associate Professor
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn
Department of Information Technologies
Naryn, Kyrgyzstan
skulmanbetova74@gmail.com
Bermet Mairambekovna Osmonova
Senior Lecturer
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn
Department of Information Technologies

Аннотация

Жаңы маалыматтык коом маалыматтык технологиялар менен байланышкан бир катар касиеттерге ээ болушу керек экендиги айдан ачык. Бүгүнкү күндө инсандын кесиптик жактан маанилүү сапаттары конкреттүү билимдин көлөмүнүн жана толуктугунун критерийлерине гана эмес, аларды өз алдынча толуктоо, кесиптик маселелерди коюу жана чечүү, алардын ичинен эң натыйжалуусун тандоо критерийлерин иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгүнө негизделет. Глобалдык телекоммуникациялык системаларды колдонуу менен дүйнөнүн каалаган өлкөсүнөн жана каалаган тилде маалыматка реалдуу жетүүнүн барган сайын өсүп жаткан мүмкүнчүлүктөрүнүн шартында, ар бир адам Интернет тармагында жайгашкан көптөгөн маалыматтардын ичинен өзүнө керектүү маалыматты табуу үчүн рационалдуу стратегияны иштеп чыгуу зарыл болуп баратат. Макала тездик менен өнүгүп жаткан маалыматтык коомдо анын негизги русурсу болгон маалыматты колдоно билүүдө, маалыматтык маданият түшүнүгүнө аныктамаларды берүүгө арналат.

Түйүндүү сөздөр: *маалыматтык маданият, билим берүү, санариптештирүү, маалымат, маалыматтык технологиялар.*

Аннотация

Очевидно, что новое информационное общество должно обладать рядом свойств, связанных с информационными технологиями. Сегодня профессионально важные качества человека основываются не только на критериях объема и полноты специфических знаний, но и на способности самостоятельно их дополнять, ставить и решать профессиональные задачи, а также разрабатывать критерии выбора наиболее эффективных из них. В условиях постоянно растущих возможностей реального доступа к информации из любой страны мира и на любом языке с использованием глобальных телекоммуникационных систем, каждому человеку становится необходимым разработать рациональную стратегию поиска необходимой информации среди огромного количества информации, доступной в Интернете. Статья посвящена определению понятия информационной культуры, которая представляет собой способность использовать информацию, являющуюся ее главным ресурсом в быстро развивающемся информационном обществе.

Ключевые слова: *информационная культура образование, цифровизация, информация, информационные технологии.*

Abstract

Clearly, the new information society must possess a number of properties related to information technology. Today, professionally important human qualities are based not only on the volume and completeness of specific knowledge, but also on the ability to independently supplement that knowledge, formulate and solve professional problems, and develop criteria for selecting the most effective ones. With the ever-increasing availability of real-world access to information from any country in the world and in any language via global telecommunications systems, it is becoming necessary for everyone to develop a rational strategy for finding the necessary information among the vast amount of information available online. This article defines the concept of information culture, which represents the ability to utilize information, which is the primary resource in a rapidly evolving information society.

Key words: *Information culture, education, digitalization, information, information technology.*

2021-2030 –жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясынын алкагында концепциясынын максаттарынын бири: билим берүүнү маалыматташтыруу багыты, билим берүү жаатынын маалыматтык технологиялардын ролун жогорулатууну гана эмес, “постиндустриалдык, маалыматтык коомго өтүү” дегеди да билдирет [7].

Жаңы маалыматтык коом маалыматтык технологиялар менен байланышкан бир катар касиеттерге ээ болушу керек экендиги айдан ачык. Бүгүнкү күндө инсандын кесиптик жактан маанилүү сапаттары конкреттүү билимдин көлөмүнүн жана толуктугунун

критерийлерине гана эмес, аларды өз алдынча толуктоо, кесиптик маселелерди коюу жана чечүү, алардын ичинен эң натыйжалуусун тандоо критерийлерин иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгүнө негизделет. Глобалдык телекоммуникациялык системаларды колдонуу менен дүйнөнүн каалаган өлкөсүнөн жана каалаган тилде маалыматка реалдуу жетүүнүн барган сайын өсүп жаткан мүмкүнчүлүктөрүнүн шартында, ар бир адам Интернет тармагында жайгашкан көптөгөн маалыматтардын ичинен өзүнө керектүү маалыматты табуу үчүн рационалдуу стратегияны иштеп чыгуу зарыл болуп баратат. Мындай шартта инсандын маалыматтык маданиятына талаптар кескин өстү. Инсанга маалыматтык чөйрө менен эффективдүү өз ара аракеттенүү үчүн өнүккөн көндүмдөр, мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана билүү, б.а. инфосферада жүрүм-турум маданиятынын белгилүү бир деңгээли - "маалыматты сактоонун, иштетүүнүн жана берүүнүн электрондук каражаттарынын глобалдык инфраструктурасы" болуп саналат [2, б. 121].

Бүгүнкү күндө заманбап коомдо жаңы маданияттын – маалыматтык маданияттын калыптанышы жөнүндө айтууга толук негиз бар, ал барган сайын ар тараптуу маалыматташтыруу процессинде адамзаттын жалпы маданиятынын маанилүү элементи болуп калышы мүмкүн [1, б. 12].

Маалыматка стратегиялык ресурс статусун берүү менен байланышкан коомдун маданиятындагы фундаменталдуу өзгөрүүлөр инсандын маалыматтык маданиятын калыптандыруу маселелерин биринчи планга алып чыга. Ошол эле учурда окуу процессинин максаты, каражаты жана натыйжасы катары бир эле учурда аракеттенүүчү жеке маалыматтык билим берүү мейкиндигин (чөйрөнү) калыптандыруу милдети актуалдуу болуп калат.

Так маалыматтык маданият билим берүүнүн натыйжасын мүнөздөшү керек. Заманбап билимдерге, өзгөчө маалыматтык технологияларга байланыштуу билимдерге бүгүнкү күндө көбүрөөк мүнөздүү нерсе бул: ал ар кандай предметтик чөйрөлөрдөгү маалыматтын чоң көлөмүн бириктирүү, анализ жасоо жана колдонуу. Ошол эле учурда билим берүү, окутуу чыгармачылык багыт менен да мүнөздөлүшү зарыл. Окуп жаткан адам маалымат менен иштөөдө өзүнүн ишинин натыйжасын көрүү менен бул натыйжанын ал колдонгон жалпы маалымат тармагына кошулушун көрүшү керек. Ошентип, билим алуучу өзүнүн иш-аракетинин натыйжалуулугун, баалуулугун жана зарылчылыгын баалоого жетишип, ушул талаптарды эске алып алган билими, билим берүүнүн формаларынын, ыкмаларынын жана билим чөйрөлөрүнүн өз ара аракеттенүүшүсү болоорун эске алышы зарыл.

Заманбап изилдөөлөрдө “маалыматтык маданият” түшүнүгүн аныктоодо эки аныктама колдонулат: маданий жана маалыматтык [2, б. 114]. Маданий мамиленин алкагында маалыматтык маданият маалыматтык коомдогу адамдын жашоо образы, адамзаттын маданиятын калыптандыруу процессинин компоненти катары каралат. Маалыматтык мамиленин алкагында көпчүлүк аныктамалар маалыматты издөө, тандоо жана талдоо боюнча билимдердин, көндүмдөрдүн жана билгичтиктердин жыйындысын, башкача айтканда, маалыматтык керектөөлөрдү канааттандырууга багытталган иш-аракеттерди билдирет.

Ушул эле аныктамаларды тар мааниде алганда, маалыматтык маданият - инсандын же адамдардын жамаатынын маалымат менен максаттуу иштөө, аны алуу, иштетүү жана берүү үчүн маалыматтык технологияларды, заманбап техникалык каражаттарды жана ыкмаларды колдонуу жөндөмдүүлүгү. Кеңири мааниде алганда, маалыматтык маданият - бул адамдардын ортосундагы маалыматтык байланышты өнүктүрүүдө жетишилген деңгээл, ошондой эле адамдардын жашоосунун маалымат чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү, маалыматка жетишүү даражасын, маалыматтын санын жана сапатын, өнүгүү тенденцияларын, келечекти болжолдоо ж.б. экенин белгилей алабыз [3, б. 34].

Бир катар интерпретацияларда [2,5] аксиологиялык, процедуралык-активдүүлүк жана маданий-чыгармачылык компоненттердин интеграциясын байкоого болот. Мисалы, И.Ф. Исаев мугалимдин педагогикалык маданиятынын моделинде төмөнкү элементтерди

аныктайт: аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык. Аксиологиялык компонент педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы менен түзүлөт, технологиялык компонент мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын жана жөндөмдөрүн камтыйт. Педагогикалык маданият - бул мугалимдин жөндөмүн чыгармачылык менен колдонуунун жана ишке ашыруунун чөйрөсү, ал өзүнчө - жеке-чыгармачылык компонентти бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет [3, б. 153].

Маалыматтык коомдун шартында жаңы типтеги маданияттын – маалыматтык маданияттын – пайда болушу табигый көрүнүш Азыркы учурда айрым авторлор компьютердик маданияттын бар экендигин белгилешүүдө, бул албетте маалымат маданиятына караганда тар түшүнүк. Себеби, электрондук китепканалар, компьютердик графика, электрондук музыка, компьютер аркылуу жазылган поэзия, жасалма интеллект жана башкаларды колдоно билүүнү толук маалыматтык маданият деп айта албайбыз. Маалыматтык маданият - бул ар кандай китепкананын уникалдуу басылмаларына жана кол жазмаларына гана эмес, ошондой эле башка маданий баалуулуктарга - белгилүү сүрөтчүлөрдүн, композиторлордун чыгармаларына, белгилүү окумуштуулардын лекцияларына ж.б. таянуу жана аны колдоно билүү, автордук укукту сактоо болуп эсептелет.

Айрым окумуштуулар аны компьютердик сабаттуулук менен теңештирип, дал ушул маанини маданияттын бул түрүнө ыйгарышат. Бирок, компьютердик сабаттуулук – бул жөн гана жаңы компьютердик технологиялар менен иштөөдөгү өздөштүрүлгөн көндүмдөр. Маалыматтык маданият – бул алда канча кеңири түшүнүк. Ошондуктан, коомдун маалыматтык маданиятын анын принципиалдуу жаңы, жогорку деңгээлде автоматташтырылган жана өтө бай маалымат чөйрөсүндө туруктуу жана коопсуз өнүгүшү үчүн зарыл шарт катары өнүктүрүү азыркы учурда дүйнө жүзүндөгү бардык өлкөлөрдүн мамлекеттик саясатында гана эмес, ошондой эле көптөгөн эл аралык уюмдардын көңүл чордонунда турат [6].

А.А. Веряев маалыматтык маданиятка төмөнкүдөй аныктама берет: маалыматтык маданият – бул жалпы адамзаттык идеялардын, билимдердин, нарктык багыттардын, гуманисттик идеялардын, эмоционалдык тажрыйбанын, инсандык сапаттардын, стилдик жана идеологиялык формациялардын, таанып-билүүнүн универсалдуу ыкмаларынын, жүрүм-турум алгоритмдеринин, коммуникация ыкмаларынын гармониялуу айкалышкан жыйындысын чагылдырган комплекстүү интегралдык системалуу маалыматтык коом. Бул адамдардын маалыматтык потенциалын жогорулатуу, алардын руханий дүйнөсүн байытуу, маданий өнүгүүсүнө жана маалыматтык маданиятын жогорулатууга багытталганынан кабар берет.

Кесиптик маалыматтык маданият тигил же бул иштин кайсы бир кесипке тиешелүүлүгү (мугалим, дарыгер, жетекчи ж.б.), чечилип жаткан маселелердин өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Бул көз караштан алганда, инсандын жалпы же негизги маалыматтык маданияты, адистештирилген иш түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө карабастан күнүмдүк кесиптик ишмердүүлүгүндө коюлган маселени натыйжалуу чечүү, ар кандай ситуацияларда маалыматты талдоо менен колдоно билүү даярдыгынын болушу менен аныкталат.

Ошол эле учурда маалыматтык маданият түшүнүгү менен маалыматтык сабаттуулук түшүнүгү бирдей экендигин да айта кетишибиз зарыл.

А.П.Ершовдун «Мектептерди компьютерлештирүү жана математикалык билим берүү» деген эмгегине ылайык [4, б. 293], “компьютердик сабаттуулуктан маалыматтык маданиятка” өтүү этабында билим алуучуларда төмөнкү көндүмдөрдү өнүктүрүү керек:

- практикалык иш-аракеттерде пайда болгон маселелерди туура коюу, аларды компьютердин жардамы менен чечүү көндүмдөрдү;
- берилген тапшырмаларды формалдуу сүрөттөөдө көндүмдөр, математикалык моделдөө ыкмалары боюнча негизги билимдер жана берилген тапшырмалардын жөнөкөй математикалык моделдерин түзө билүүнү;

- негизги алгоритмдик структураларды билүү жана алардын математикалык моделдеринин негизинде маселелерди чечүү, алгоритмдерди куруу үчүн колдоно билүүнү;

- компьютердин түзүлүшүн жана иштешин түшүнүү жана жогорку деңгээлдеги программалоо тилдеринин биринде түзүлгөн алгоритмди колдонуу менен компьютердик программаларды жазуу боюнча негизги көндүмдөрдү;

- маалыматтык системалардын негизги түрлөрүн жана алардын жардамы менен практикалык маселелерди чечүү үчүн жалпы багыттагы прикладдык программаларды колдонуу көндүмдөрү жана бул системалардын иштешинин негизин түзгөн негизги принциптерди түшүнүү;

- компьютерди колдонуу менен практикалык маселелерди чечүүнүн натыйжаларын туура чечмелөө жана бул натыйжаларды практикалык иш-аракеттерде колдоно билүү.

Жыйынтыктап айтканда, минималдуу көлөмдө алынган бул талаптар компьютердик сабаттуулуктун биринчи деңгээлине жетүү милдетин, ал эми максималдуу көлөмү боюнча – келечекте «маалыматтык маданиятты» өстүрүү милдетин коет. Ал эми, А.П.Ершовдун айтуусу боюнча, бул аныктама өтө эле программисттер үчүн жазылгандай сезилет, бирок ал кыйла көлөмдүү жана көптөгөн айкалышкан компетенцияларга орун калтырат, андыктан тажрыйба топтолгон сайын маалыматтык маданияттын гуманитардык жана социалдык компоненттери бекемделет жана өнүгөт. Мындан тышкары маалыматтык коомдо медиа сабаттуулук да орун алышы керектигин айта кетишибиз керек, себеби маалыматты талдоо, «фейк» маалымат түшүнүгү, кибербуллинг, маалыматты уурдоо сыяктуу маселелерди билим алуучуларга түшүндүрүү да азыркы коомдун негизги талаптарынын бири деп айта алабыз.

Адабияттар

1. Брежнева, В.В. Информационное поведение личности на рубеже веков: подход к изучению [Текст] / В.В. Брежнева // Современные пользователи автоматизированных информационно-библиотечных систем: проблемы обслуживания, изучения и обучения: По материалам III Научно- практической конференции, Новосибирск, апр. 1999 г. - Новосибирск., 1999.-С. 114-115
2. Коловская, Л.В. Информационная культура [Текст] / Л.В. Коловская, И. А. Ковалевич. - Красноярск.: Красноярский государственный технический университет институт информатизации социальных систем, 2002. - 86с.
3. Каракозов, С.Д. Информационная культура в контексте общей теории культуры личности [Электронный ресурс]. - Электрон. текстовые данные (22135 bytes). - М.: РСИ, 2002. - Режим доступа: http://rsi .altai. fio .ru/plenar/2002/karakozo v.htm Monday, August 2004 12:28:15.
4. Ершов, А.П. Избранные труды [Текст] / А.П. Ершов. - Новосибирск.: ВО «Наука», 1994.-487с
5. Ерасов, Б.С. Социальная культурология [Текст] / Б.С. Ерасов. - М.: «Аспект-пресс», 1994.-421с.
6. Елистратова Н.Н. Информационная культура как критерий информатизации высшего образования в современных условиях реформирования // Современные научные исследования и инновации. 2012. № 7 [Электронный ресурс]. URL: https://web.snauka.ru/issues/2012/07/15770
7. Концепция развития образования в Кыргызской Республике на 2021-2030 гг. [Электронный ресурс]. - https://edu.gov.kg/media/files/118d4b79-d6ea-4648-9c1c-56280444e7fd.pdf